**ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР**
**АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. М. ЮНУСАЛИЕВ атындагы**
**ТИЛ ИЛИМИ ИНСТИТУТУ**

**Д 10.24.700 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

**Кол жазма укугунда**

**УДК:** 81-119:321 (575.2) (043.3)

**Апышова Базаргүл Токтосуновна**

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ САЯСИЙ ТЕРМИНДЕР

**10.02.01 – кыргыз тили**

**Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2025**

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. М. Юнусалиев атындагы Тил илими институтунда аткарылды.

**Илимий жетекчиси:** **Саматов Кубатбек**
филология илимдеринин доктору, доцент, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Т. Ахматов атындагы кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучу

**Расмий оппоненттер:** **Акынбекова Айман Усенбаевна**
филология илимдеринин доктору, доцент, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз тил илими кафедрасынын башчысы
**Хурибаева Элмира Гайдаровна**
филология илимдеринин кандидаты, доценттин м. а., К. Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университеттин эл аралык мамилелер жана жалпы теориялык сабактар кафедрасынын башчысы

**Жетектөөчү мекеме:** К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасы (722200, Каракол шаары, Ж. Абдрахманов көчөсү, 103).

Диссертациялык иш 2025-жылдын 18-апрелинде саат 13:00дө Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек ш., Фрунзе көч., 547. Коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/102-e6q-jiw-jrm

Диссертация менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547), Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын (720071, Бишкек ш.,Чүй проспекти, 265а) илимий китепканаларынан жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтынан (https://vak.kg/) таанышууга болот.

Автореферат 2025-жылдын 17-мартында жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин доктору** **С. К. Каратаева**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу.** Кыргыз эли байыркы, Орто кылымдарда, Октябрь революциясына чейин жана эгемендүүлүк жылдары бир топ саясий окуяларды башынын өткөрдү жана өз алдынча да, орток да саясат жүргүздү. Адатта «саясат» концептинин семантикалык талаасынын доминанта белгилери дүйнөнүн коомдук жана руханий аспектилерин чагылдырган «бийлик», «мамлекет» жана «идеология» үч гиперсемага таянат [Воробьева, 2008: 18, 21].

Кыргыз мамлекеттүүлүгүн тарыхчылар төмөнкү этаптарга бөлүшөт: 1) Кыргызстандын аймагындагы байыркы көчмөндөрдүн мамлекеттери (сактар, гунн мамлекети, усундар, Даван, Кангүй мамлекеттери) (б.з.ч. III – б.з. V к.); 2) энесайлык кыргыздардын мамлекети (Кыргыз мамлекети, Кыргыз каганаты) (б.з.ч. III - б.з. X к.); 3) кыргыздар байыркы түрк мамлекеттеринин (түрк, батыш түрк, түргөш, карлук, караханид) курамында (VI – XI к.); 4) кыргыздар монгол мамлекеттеринин курамында: кара кытай жана найман мамлекети; Чыңгызхан империясы, Хайду мамлекети (XII – XIV кылымдын биринчи жарымы); 5) Кыргызстандын аймагындагы мамлекеттик түзүлүштөр: Моголистан мамлекети, кыргыздар ойрот мамлекеттик бирикмесинин курамында, Тагай бий (Мухаммед-Кыргыз) (XIV к. экинчи жарымы – XVIII к. ортосу); 6) кыргыздар Кокон кандыгында (XVIII к. экинчи жарымы – XIX к. биринчи жарымы); 7) кыргыздар Орус империясынын курамында (XIX к. экинчи жарымы – 1917); 8) Совет мезгили (1917-1991); 9) эгемендүүлүк мезгили (1991- бүгүнкүгө чейин) [История История Киргизской ССР, том 1, 1984; Осмонов, 2022; Борубашов, 2015; Акунов, 2021 ж.б.]. Аталган этаптарда кыргыз элинин саясий терминдери жаралды, калыптанды жана өстү.

Бүгүнкү күнгө чейин жогорку доорлордогу мамлекеттик жана коомдук түзүлүштөрдүн формаларынын, мамлекеттик бийлик субъекттеринин аталыштары (номендер), саясий тезаурус (лексика, термин, предтермин, квазитермин, прототермин, паратермин, терминоиддер ж.б.) жазма эстеликтерде, гуманитардык илимдерде жана публицистикалык эмгектерде чаржайыт өз жашоосун улантууда.

Эгемендүүлүк жылдардагы курч саясий окуялар – социализмден капитализмге секирик жасоо, республикабыздын баш мыйзамынын улам-улам алмашып, жарандык мамлекет жаралып, анын түзүлүшүнүн тез-тез өзгөрүп турушу, базар экономикасынын байыр алышы; саясий көз караштардын кескин жаңыланып, жаңы улуттук саясий аң-сезимдин калыптанышы, моралдык-этикалык дөөлөттөрдүн кайрадан бааланышы, глобализацияга улуттук дөөлөттөрдүн каршы коюлуп, улуттук аңызды сактап калуу жана ага кайтуу өңдүү кубулуштарды туюнткан саясий тезаурустагы жаңы номендерди жана терминдерди изилдөө жокко эсе. Ушуга жараша адатта коомдогу саясий окуяларды чагылдырган саясий лексика жана терминология тез өзгөрүп, ар кандай семантикалык жылыштырга кабылып турары маалым. Тилекке каршы,

кыргыз тилиндеги саясий лексика менен саясий терминология атайын лингвистикалык иликтөөгө алына элек.

Теманын актуалдуулугу төмөнкү объективдүү, субъективдүү жана лингвистикалык факторлор менен шартталган:

1) байыркы, Орто кылымдардагы жана Совет дооруна чейинки кыргыз тилиндеги саясий терминдердин изилденбегендиги;

2) азыркы кыргыз тилинин саясий дүйнөсүн чагылдырган лексика-семантикалык топторунун өзгөчөлүктөрүн ачуунун жана сыпаттоонун зарылдыгы;

3) кыргыз мамлекетин эффективдүү башкарууга зарыл мамлекеттик башкаруу концептин чагылдырган лексикалык-семантикалык топтун маанисин ачуу маселеси;

4) эгемендик жылдарындагы саясий тил менен мамлекеттик бийлик терминологиясынын иликтенбегени.

**Теманын илим-изилдөө мекемелеринин пландары жана программалары менен байланышы.** Диссертациянын темасы КР УИАнын илимий-изилдөө иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн максаты** – кыргыз тилинин байыркы, Орто кылымдардагы, Октябрь революциясына чейинки жана эгемендүүлүк жылдарындагы саясий тезаурусун семантикалык жактан сыпаттоо.

Жогорку максат изилдөөнүн төмөнкү негизги милдеттерин шарттады:

1) саясий тезаурусту жыйноо жана системалаштыруу;

2) ар бир доорго мүнөздүү саясий тезаурустун лексика-семантикалык топторун аныктоо;

3) ар бир доордогу саясий тезаурустун өзөгүн, борборун жана периферисын далилдөө;

4) саясий лексиканын семантикасын сыпаттоо;

5) саясий тезаурустун генетикалык, тарыхый пласттарын аныктоо.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы.** Биринчиден, алгачкы жолу кыргыз тилинин байыркы, Орто кылымдардагы, Октябрь революциясына чейинки жана эгемендүүлүк жылдарындагы саясий тезаурусу диахрониялык жана синхрониялык аспектиде семантикалык жактан сыпатталышы, экинчиден, тилдин аталган тез өзгөрүлмө катмарынын ар кыл доорлордогу өтмө катарлыгын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачуу жана анын лексика-семантикалык топторун аныктоо иштин илимий жаңылыгын аныктайт. Илимий жыйынтыктар лексикографиялык практикада пайдаланууга жарактуу.

**Иштин практикалык мааниси.** Автор тарабынан алынган жоболор саясий лексика жана саясий терминология боюнча сөздүк түзүүгө, саясат таануу, жалпы эле гуманитардык илимдер (философия, экономика, тарых, укук таануу, журналистика, филология, маданият таануу, социология ж.б.) жаатында илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө, жогорку окуу жайларында

лекция окууга, практикалык сабак өтүүгө жардам берет.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Кыргыз тилинин саясий терминологиясы өз өнүгүүсүндө жалпы элдик тилдин алкагында табигый жол аркылуу өзүнчө катмар катары калыптанган;

2. Ар бир доордо саясий терминдердин тематикалык топтору түзүлүп, алар өзөк, борбор жана перифериядан турат.

3. Коомдогу саясий-экономикалык факторлор саясий терминологиянын жалпы курамын, анын лексика-семантикалык топторунун, компоненттеринин семантикалык турпатын шарттаган.

4. Кыргыз тилинин саясий терминологиясы ички (метафора, метонимия, синекдоха) жана сырткы (монгол, араб, фарс, англис, немис, француз ж.б.) булактардын негизинде өнүгүп отурган.

5. Саясий терминология эгемендүүлүк жылдары коомдогу саясий көрүнүштөрү чагылдырууда.

6. Мамлекеттик түзүлүш//башкаруу системасын чагылдырган саясий терминдер калыптануу процессин башынан өткөрүүдө.

**Изденүүчүнүн жекече салымы** тема тандоо, теориялык адабияттарды өздөштүрүү, материал топтоо, аларды системалаштыруу, семантикалык, этимологиялык жактан чечмелөө, жалпылаштыруу, тыянак чыгаруу, библиография түзүү жаатында ишке ашты.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы.** Изилдөөнүн мазмуну жана жыйынтыктары «Публицистикада коомдук-саясий лексиканын колдонулушу» (Бишкек, 2015), «Саясий терминдердин синтаксистик калька аркылуу которулушу» (Ош, 2015), «Кыскартылган саясий терминдердин колдонулушу» (Бишкек, 2016), «Лингвистикада терминдердин изилдениши» (Ош, 2021), «Саясий терминдердин ички жана сырткы булактын негизинде пайда болушу» (Бишкек, 2022), «Кыргыз Республикасынын Конституциясында колдонулган айрым саясий терминдер» (Вестник КРСУ. 2023. Том. 23. №10. - 64-68.), «Некоторые политические термины в турецском и кыргызском языках в древних и средних веках» (Россия, Lingua-universum №6-2023), «Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында саясий терминдердин колдонулушу («Тоолор кулаганда» романынын мисалында)» (ISBN 978-9943-7911-0-3 Андижан мамлекеттик педагогикалык институту, 2023), «Публицистикада кыскартылган саяий терминдердин колдонулушу» (Вестник КРСУ. 2024. Том 24. №6.), «Мамлекеттик бийлик бутактарында кездешкен терминдер жана саясий номендер» (ENDLESS LIGHT IN SCIENCE 30-сентябрь 2024. Астана, Казакстан.) деген темаларда эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, ошондой эле республикалык илимий-практикалык конференцияларда докладдар жана баяндамалар түрүндө талкууланып, апробацияланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы**. Изилдөөнүн жыйынтыктары КРдин Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан

сунушталган басылмаларга жана РИНЦке кирген эл аралык илимий журналдарга жарыяланган 10 илимий макалада чагылдырылды.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Изилдөө киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана 2 тиркемеден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты жана милдеттери, иштин илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси, коргоого коюлган негизги жоболор, изденүүчүнүн жекече салымы,

изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы, диссертациянын структурасы жана көлөмү жөнүндөгү маалыматтар чагылдырылды.

**1.1.1. «Илимий адабияттарга тарыхый-теориялык илик»** аттуу I баптын «Коомдук-саясий лексика жана саясий терминология» деген бөлүмчөсүндө коомдук-саясий лексика менен саясий терминологиянын өз ара байланышы, саясий лексика жана саясий терминологиянын сөздүктөрдө чагылдырылыш жөнүндө сөз жүрөт.

Илимий адабияттарда коомдук-саясий лексиканы *«политическая терминология», «общественно-политическая терминология», «социальная терминология», «специальный словарь политики», «социальная лексика», «политическая лексика», «историко-революционная лексика», «социально-экономическая терминология», «язык политики»* (language of politics), «политический язык» (political or politicized language), *«общественно-политическая лексика», «политическая коммуникация», «политический дискурс»* - деп сыпаттоо салтка айланган.

СССРдин тарашы менен коштолгон демократия, ой-пикирлердин плюреализми саясий дискурстун семантикасын кең жана терең кароого мажбурлады. Саясий тил онтологиялык жактан байыркы замандарда жаралган саясий коммуникация менен шартталган. Чындыгында, саясий коммуникациянын заманбап аныктамалары 20-кылымдын орто ченинде такталган. Акыры вербалдашкан саясий коммуникация саясий тилди өзүнө таандык тезаурусу бар өзгөчө код система статусуна ээ кылды.

СССРде коомдук-саясий лексиканы иликтөө эки мезгилде бөлүнөт: 1-мезгил (ХХкылымдын 20-30-ж.); 2- мезгил (50-жылдар – азыркы мезгил). В.В. Виноградов, Ю.С. Сорокин, Д.Н. Шмелев, Т.Б. Крючкова, Е. Шейгал ж.б. илимпоздордун тарыхый-семантикалык жана семантика-стилистикалык мүнөздөгү негиздүү эмгектери саясий лексиканы жана коомдук-саясий коммуникацияны ар тараптан терең иликтөөгө жол ачты.

Коомдук-саясий лексиканын чектери эки багытта чечилүүдө. *Биринчи багыт* коомдук-саясий лексика (КСЛ) менен коомдук-саясий терминдерди (КСТ) ажырымдоо менен байланышкан: КСЛ – жалпы лексика + терминдер; КСЛ – коомдук-саясий маанидеги сөздөр + терминдер + терминдик айкаштар

[Голованевский, 1993: 5]; КСЛ менен КСТ өз ара байланышкан, бирок кесилишпеген системалар [Крючкова, 1988, 1989]; КСЛ – нагыз КСЛ + потенциялык КСЛ [Савенко, 1989: 175]; КСЛ коомдук илимдердин терминологиясына жакын [Мурадова, 1986: 24].

*Экинчи багыт* КСЛдин көлөмүн аныктоого аракет кылат: КСЛ + юридикалык, аскердик лексика [Якубовская, 1986]; КСЛ + өндүрүшкө+ чарбага тийиштүү сөздөр [Протченко, 1965: 19-20]; КСЛ + саясий экономияга, тарыхка, философияга, аскер ишине, маданиятка, искусствого, живописке, музыкага, адабиятка тийиштүү лексика [Степанян, 1970: 63]; КСЛ – сememасында «коомдук», «саясий», «мамлекеттик», «социалдык» семалары бар тилдик бирдиктер [Заварзина, 1998: 4]. Биз Г. А. Заварзинанын пикирин колдоп, мамлекеттик башкарууга тийиштүү терминдерди жана лексиканы гана изилдедик.

**1.1.2. «Саясий лексика жана саясий терминология сөздүктөрдө»** аттуу бөлүмчөдө А. А. Мустафиндин «Политология: словарь современных терминов и выражений» [2012], В.Н. Коноваловдун «Политологический словарь» [2011], «Новейший политологический словарь» [2010], «Саясат таануу: Энциклопедиялык окуу куралы» [2004], А. А. Акунов менен Г. С. Мамбеталиеванын «Адам укуктары, демократия, бийлик» [2015] аттуу энциклопедиялык сөздүгүндөгү саясий терминдердин жыштыгы аныкталат.

«Саясий лексиканын жана терминдеринин орус, түрк жана кыргыз тил илимдеринде изилдениши» (1.2.1.) бөлүмдө орус тил илиминде аталган лексикалык пласт жоон топ тилчилер тарабынан иликтенгени айтылат [Г. О. Винокур, С. И. Карцевский, Е. Д. Поливанов, А. М. Селищев, П. Я. Черных жана Р. О. Якобсон, И. Ф. Протченко, Ю.С. Сорокин, Т. С. Коготкова, А. Л. Голованевский ж.б.].

Илимпоз Е.И. Шейгал [2000] саясий дискурстун башка дискурстар өз ара байланышын, саясий дискурстун система түзүүчү белгилерин; анын базалык концепттерин; саясий афористиканы; саясий дискурстун жанрдык мейкиндигин; Ю. В. Трофимова [2004] орус картинасындагы «саясат» концептин когнициялык парадигманын чегинде карагандыгын, публицистикалык стилдин коомдук-саясий шарттарга жараша өзгөрүп турарлыгын жана *политика* сөзүнүн лингвистикалык байланыштарынын өзгөчөлүктөрүн, уюткулуу терминдердин (политический, политик) гезит беттеринде детерминологизация жана транстерминологизация кубулуштарын; Е. В. Курасова [2004] XX-XXI кылымдын тогошунда орус тилиндеги семантикалык неологизмдерди, алардын метафоралык жана метонимиялык жолдор аркылуу жасалышын жана семантикалык тaруу, кеңейүү, жылуу процесстерин иликтейт.

А. В. Загребельныйдын монографиясында [2013] 1900-1917-жылдардагы орус тилинин коомдук-саясий чөйрөсүндөгү аталыштардын семантикасы жана функциялык өзгөчөлүктөрү каралат. Арбын лингвистикалык материалды

изилдөө ошол мезгилдеги тилдин лексикалык системасынын экстралингвистикалык жактан шартталгандыгынын негизги механизмдерин аныктоого мүмкүндүк берет. Түрдүү подсистемалык өз ара аракеттенүүлөр аныкталат жана талданат, коомдук-саясий лексиканын жана коомдук-саясий терминологиянын подсистемаларынын негизги мүнөздөмөлөрү сыпатталат.

Г. А. Заварзина [2014] докторлук диссертациясында орус тилинин мамлекетти башкаруу лексикасынын жаралышы жана өнүгүшү экстралингвистикалык фактор (орус мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый өсүшү) менен тыгыз байланышта экендигин семантика-когнициялык аспектиде ишке ашырат.

Орус тил илиминде кийинки жылдары саясий тилдин ар кыл жактарын чагылдырган докторлук [Е. И. Голованова, 2004; М. В. Гаврилова, 2005; М. Н. Панова, 2005; С. Г. Катаева, 2009; Г. Х. Гилазетдинова, 2011; Е. К. Павлова, 2013; С. А. Маник, 2019 ж.б.] жана кандидаттык [А. Е. Салман, 2008; И. В. Кологривова, 2009; А. Ю. Куткина, 2011; А. В. Романенко, 2018; Н. Р. Гейко, 2020 ж. б.] диссертациялар жаралууда.

**1.2.2. «Саясий лексиканын жана терминдеринин түркологияда изилдениши»** аттуу бөлүмдө түрк тилдериндеги коомдук-саясий лексиканын жана терминологиянсынын этимологиялык, структуралык жана семантикалык жактан изилденгенине назар салынат.

Илимий изилдөөлөрдө түркмөн [Харланова 1965], эски чуваш [Скворцов, 1972], казак [Барлыбаев, 1978], кара калпак [Пирниязова, 1986], азербайжан [Халилова [1989; Р. Я. Бабаева, 2006], кумык [Лабазанова, 2014], башкыр [Кагарманов, 2005] тилдериндеги коомдук-саясий лексикасынын калыптануу этаптарынын, анын курамынын жана структурасынын, жасалуу жолдорунун иликтенгенин көрсөтүлөт.

Х. А. Дадабаевдин «Общественно-политическая и социально-экономическая терминология в тюркоязычных письменных памятниках XI-XIV вв.» [1991] аттуу монографиясында байыркы түрк тексттериндеги коомдук-саясий лексиканын бирдиктеринин структуралары, этимологиясы, алардын мамлекеттин административдик-саясий курамы, тышкы саясаты жана коомдук түзүлүшү менен тыгыз байланышы ар тараптан терең иликтенет.

XX кылымдын экинчи жарымынан тарта азыркы түрк тилдериндеги коомдук-саясий лексиканы интенсивдүү иликтөө мезгили башталып, илимий макалалар, монографиялар жарыяланып, диссертациялар жактала баштайт.

Г. У. Алеева «Общественно-политическая лексика татарского языка» аттуу кандидаттык диссертациясында [2009] татар тилиндеги коомдук-саясий лексика синтетикалык, аналитикалык (басымдуулук кылат) жана аббревиатура жолу менен жасаларын бай материалдын негизинде далилдейт. Ошону менен катар эле этимологиялык жана тектештирме-тарыхый иликтөөнүн негизинде татар тилини коомдук-саясий лексикасындагы 1)

жалпы алтай, 2) жалпы түрк, 3) нагыз татар жана 4) кабыл алынган пласттарын аныктайт.

Г. Н. Мухамедьянова [2005] өз эмгегинде коомдук-саясий лексиканын тутумундагы эвфемиянын өзгөчөлүгүн орус, немис жана башкыр тилдеринин материалдарын негизинде изилдеп, байыркы жана заманбап табу менен эвфемиянын социалдык жана психологиялык мотивдерин, алардын тилдин номинациялык каражаттарынын системасындагы ордун аныктайт; эвфемиянын негизги функцияларын жана жаралуу жолдорун системага салат; эвфемияны ага танапташ кубулуштардан – мелиорация, криптолация жана дезинформациядан айрымалоонун сын-өлчөмдөрүн иштеп чыгат; коомдук-саясий лексиканын тематикалык топторун жана алардын курамдык бөлүктөрүн тактайт; эвфемияны экиге – терс жана нагыз – бөлөт.

А. С. Акимованын кандидаттык эмгегинде орус, түрк жана якут терминологиясынын тарыхы жана коомдук-саясий терминологиялык лексиканын өзгөчөлүктөрү, якут тилинин коомдук-саясий лексикасынын лексика-семантикалык (метафора, метонимия, синонимия, омонимия, полисемия, антонимия), аффиксация, лексика-грамматикалык (моделдер) жана синтагматикалык (татаал, составдык, сөз айкашы) жолдор аркылуу жасалышы далилденет, ошондой эле орус тилинен жана интернационалдык кабыл алуулар иликтенет.

Д. А. Абдувалиева «Общественно-политическая лексика в исторических произведениях Алишера Навои» [2016] аттуу макаласында саясий терминдердин семантикасын жана алардын семантика-стилистикалык семаларын иликтейт.

Кыскасы, түрк тилдеринин коомдук-саясий лексикасынын бул же тиги маселеси лингвисттердин кызыгуусун жаратууда.

**1.3.3. «Коомдук-саясий лексиканын кыргыз тил илиминде изилдениши»** аттуу бөлүмчөдө А. Б. Исабекованын «Общественно-политическая терминология в киргизском литературном языке и вопрос ее упорядочения» [1971] аттуу кандидаттык диссертациясында кыргыз тилиндеги коомдук-саясий лексиканын – философиянын (диалектикалык, тарыхый материализм), саясий экономиянын (капитализм, социализм), партиянын тарыхынын, атеизмдин жана укук таануунун терминдерин иликтейт. Илимпоз В. И. Лениндин чыгармаларын кыргыз тилине которулушунун коомдук-саясий терминологиянын калыптынуусуна жана өнүгүшүнө тийгизген таасирин да аныктоого жетишкен. Коомдук-саясий лексиканын лексика-морфологиялык өзгөчөлүктөрүн, анын өнүгүүсүнүн ички жана тышкы (монгол, араб, перси, орус тилдеринен кабыл алуулар) жолдорун, системага салынышын терең иликтөөгө жетишкен. В. И. Закирова менен Т. А. Дүйшеналиева «Кыргыз терминологиясы» аттуу макаласында айрым суффикстер аркылуу жасалган коомдук-саясий лексикалык бирдиктерге назар салышат [Дүйшеналиева, Закирова, 1987, 163-165].

Г. А. Абдувалиева «Азыркы кыргыз тилинин саясий лексикасынын калыптануусу жана өнүгүүсү (түрк тили менен салыштырма планда) [Б., 2015] кандидаттык диссертациясында салыштырылып жаткан тилдерде кеңири кездешкен коомдук-саясий лексиканын пайда болуу жолдорундагы, бөлүнүшүндөгү жалпылык жана айырмачылыктар, ошондой эле эки тилдеги изилдениш деңгээлдери каралат, алардын семантикалык, структуралык, тематикалык жана морфологиялык өзгөчөлүктөрү, жалпылык жана айырмачылыктары аныкталат. Эмгек публицистикалык адабияттардан жана гезиттерден алынган материалдардын негизинде жазылган.

Б. Ө. Орузбаеванын «Кыргыз терминологиясы» [1983] аттуу монографиясында терминологиянын теориялык маселелери, термин жана номенклатуранын чектерин ажыратуу, термин жаратуу булактары, принциптери, кыргыз улуттук терминологиясын түзүү, иретке келтирүү ж.б. маселелер каралгандыгы белгиленет.

С. Ж. Мусаев «Кыргыз тилинин тармактык котормо сөздүктөрүн түзүүнүн илимий-практикалык негизи» [2020] эмгегинде орус тилинен же ал аркылуу чет тилдеринен кирген терминдердин базасында кыргыз терминологиялык системасын түзүү принциптерин иштеп чыгат[2020].

А.А. Анапияева кыргыз тилиндеги 1980-жылдан кийинки саясий терминдер – неологизмдер тууралуу учкай кабар берет [2015].

**1.2. «Саясий лингвистика»** аттуу бөлүмдүн 1.2.1 бөлүмчөсүндө лингвистика менен саясат таануунун кесилишинде жаралган жаңы лингвистикалык багыттын предмети – саясий коммуникация, негизги милдети – тил, ойлом, коммуникация, саясий ишмердиктин жана коомдун саясий абалынын ортолорундагы көп кырдуу байланыштарын иликтөө, ал эми анын негизги постулаты – саясий тексттерди дискустук аспектиде изилдөө экендиги жөнүндө кабар берилет. Ал эми кийинки бөлүмчөдө (1.2.2) саясий лингвистиканын негизги түшүнүк аппараты жана терминологиясы сыпатталат: *саясий коммуникация, саясий тил/кеп, саясий тилдин стили, саясий дискурс/текст, контекст, саясий дүйнүнүн тилдик картинасы, саясий лексика/саясий метонимия/метафора*.

Саясий тилдин проблемаларын изилдеген илимпоздордун жоон тобу бар [А.П. Чудинов, О.И. Воробьева, Э.В. Будаев, Е.В. Дзюба, В. Е. Чернявская, Е.И. Шейгал ж.б.].

**«Кыргыз тилиндеги саясат таануу терминдерди лингвистикалык аспектиде изилдөөнүн булактары, маалымат кору, методологиясы жана методдору»** аттуу 2-баптын 1-бөлүмүнүн киришүүсүндө изилдөөнүн ***объекти*** – кыргыз тилинин (байыркы, Орто кылымдардагы жана эгемендүүлүк мезгилиндеги) саясий терминологиясы, ал эми ***предмети*** – кыргыз тилинин саясий терминологиясынын калыптануу жана өнүгүү процесси, ошондой эле анын тематикалык топторго бөлүнүшү экендиги баяндалат.

**2.1.1. «Изилдөөнүн маалымат булактары»** аттуу бөлүмчөдө

изилдөөнүн маалымат булактарын байыркы Орхон-Эне-Сай эстеликтери, М. Кашгаринин «Дивану лугат ат түрк» сөздүгү (түп нускасы, котормолору), Жусуп Баласагын «Kutadgu bilig» дастаны (түп нускасы, котормолору), Алтын Ордо (XIII-XIV кк.) маалындагы жазма эстеликтер, Бабурдун «Бабур-наме» китеби (XV-XVI кк.), «Кодекс Куманикус», «Документы на половецком языке XVI в.», Л. З. Будаговдун «Сравнительный словарь турецко-татарских наречий» (1869-1871), В. В. Радловдун «Опыт словаря тюркских наречий» (1998-2011), «Этимологический словарь тюркских языков» (1974-2003), К. К. Юдахиндин «Киргизско-русский словарь» (1965), «Сравнительный словарь тунгусо-маньчжурских языков» (1975–1977), «Этимологический словарь монгольских языков (2015-2018), «Древнетюркский словарь» (1969), «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү» (2019), «Манас» энциклопедиясы (1995; 2015), В. В. Бартольддун «Туркестан до и после Монгольского нашествия», А. Н. Бернштамдын «История кыргызов и Кыргызстана с древнейших времен до монгольского нашествия», А. А Аристовдун «Труды по истории и этническому составу тюркских племен», «История Киргизской ССР (с древнейших времен до середины XIX в.», Г. Т. Жаманкулованын «Кыргыздардын жана кыргыз жазуусунун тарыхы (*байыркы замандан б.з X к. чейин*) (2014), «Саясат таануу: Энциклопедиялык окуу куралы» (2004), А. А. Акунов жана Г. С. Мамбеталиеванын «Адам укуктары, демократия, бийлик. Энциклопедиялык сөздүк» (2015) өңдүү тексттер, жазма эстеликтер, лексикографиялык эмгектер, илимий-тарыхый изилдөөлөрү, энциклопедиялар, Б. И. Борубашовдун «История государства и права Кыргызской Республики» (2015), Ө. Ж. Осмоновдун «Кыргызстан тарыхы (Байыркы доордон азыркы мезгилге чейин)» (2022) окуу китептери түзүлгөндүгү белгиленет.

**2.1.2. «Иштин теориялык негиздери»** аттуу бөлүмчөдө изилдөөнүн теориялык-методологиялык базасы 1) жалпы тил илиминин, тарыхый/заманбап лексикологиянын, семасиологиянын негизги жоболорун иштеп чыккан белгилүү тилчилердин [В. В. Виноградов, О. Н. Трубачев, А. А. Уфимцева, Н. Д. Арутюнова, Б. Ө. Орузбаева, К. М. Мусаев, А. М. Кузнецов ж.б.); 2) *саясий лексика жана терминология жаатындагы илимпоздордун* (А. В. Загребельный, Г. А. Заварзина, М. А. Крундышев ж.б.); 3) *саясий лингвистика жаатындагы илимпоздордун* (А. П. Чудинов, Е. И. Шейгал, Э. В. Будаев, О. И. Воробьева ж.б.); 4) *белгилүү терминологдордун* (О.С. Ахманова, Д. С. Лотте, А. В. Суперанская, В. П. Даниленко, С. В. Гринев-Гриневич, В. М. Лейчик, В. А. Татаринов, С. Д. Шелов ж.б.] эмгектерине таянары айтылат.

**2.1.3. «Изилдөө методдору»** деген бөлүмчөдө саясий тилди изилдеген илимий эмгектер бир катар илимий методдор аркылуу ишке ашып жаткандыгы баяндалат.

Аталган иликтөөдө *лексика-семантикалык топ методу* жетекчиликке алынды. Ф.П. Филин: *«сөздөрдүн лексика-семантикалык байланыштарга эмес, предметтердин жана кубулуштардын өздөрүнүн классификацияларына негизделген топтору тематикалык сөздүк топторду түзүшү мүмкүн»* - десе [Филин, 1957: 526], жогорку илимпозду А. А. Уфимцева сөздөр аркылуу чагылдырган предметтердин жана процесстердин окшоштук же жалпылык функцияларынын негизинде сөздөрдүн топтук бирикмелери – предметтик топтор жаралат - деген пикири менен колдогон [Уфимцева, 1962: 133].

**2. 2. «Термин, терминология, термин системасы»** аттуу бөлүмдүн «Термин, терминология, номенклатура» (2.2.1) бөлүмчөсүндө *термин* адамдын бул же тиги ишмердигиндеги негизги түшүнүк элементи, ал эми *терминология* – 1) терминдердин жыйындысы; 2) бул же тиги билим тармагынын терминдеринин жыйындысы; 3) терминдердин жаралуу, курамы жана функциясы жөнүндөгү илим; 4) жалпы терминологиялык илим экендиги; термин(ология) жана номен(клатура) өз ара байланышы, алар менен катар эле *терминоиддер, предтерминдер, квазитерминдер, прототерминдер, паратерминдер, псевдотерминдер, профессионализмдер, профессионалдык жаргонизмдер* жашай тургандыгы сыпатталат. *«Терминология жана терминосистема» аттуу бөлүмчөдө терминология* стихиялуу жаралган семантикалык жалпылыгы жана жакындыгы бар лексикалык бирдиктердин тобу, ал эми *термин системасы* – билим чөйрөсүнүн же ишмердиктин атайын теориясынын белгилик модели [Лейчик, 2009: 129] болорлугу жана когнициялык термин таануу термин менен терминологияны жаңыча карагандыгы [Алексеева, Мишланова, 2002: 15] далилденет.

**«Кыргызча саясат таануу терминдерин диахрониялык-синхрониялык иликтөөнүн натыйжалары жана алардын талкууланышы»** аттуу III баптын «Мамлекеттик башкаруу» түшүнүгү жана анын компоненттери» (3.1.1.) деп аталган бөлүмчөсүндө азыркы мезгилдеги *мамлекет//тик башкар*уу түшүнүгү жана анын компоненттери тууралуу сөз жүрөт. Жогорку түшүнүктү аныктоодо үч пикир бар: 1) мамлекеттик башкаруу – коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө мамлекет тарабынан ишке ашкан ишмердик [Гаджиев, 2009: 153; Купряшин, 2003: 8; Курашвили, 1987: 99], 2) аң-сезимдүү, системалуу түрдө мамлекеттик максаттарды, милдеттерди реализациялоо [Сморгунов, 2008: 45; Глазунова, 2009: 42; Добрынин, 2010: 67]; мамлекеттин ишмердиги жана турмуштун бардык тарабына таасир этүү [Зеркин, Игнатов, 2007: 49].

Мамлекеттик башкаруу терминологиясы кыргыз мамлекеттүүлүгүн этаптарына жараша иликтенди. Кыргыз тилинин саясий терминологиясы жана лексикасы VI-X кылымдардагы алгачкы феодалдык каганаттарда калыптана баштаган: *теңиркут, шаньюй, Билге хан, ябгу, ил кусай, кутигу, улуу сангун, улуу тутук бек, улуу газна бек, батисхан, түмөн башы, миң башы, бей, янь-*

*ван, лули-ван, сянь-ван, дули-ван, эл башы, торага, каган, сенгир, хан, тархан, ихшид, вазир* ж.б.

Кыргыз каганатыда (V-XIII к.) саясий терминология саясий, экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдү толук туюнтууга жетишкен: *каган, ажо, вазир,* тутук, *элтебер, чор, йинал, бек, иди/эзи, бек, инал, хан/каган, тегин, тутук, буюрук, чор, ышбара, элчи, ынанчу, чигиш, ичрек, сангун, йарган, саңун* ж.б.

Каракандар каганатында (840-1212) саясий терминдер нормага салынып, кадыресе саясий терминология түзүлгөн: *альхакания, ильхандар, «ильханиддер, Афрасиаб үйү (тукумдары), Арслан-хан, Бугра-хан, Тамгач-хан, каган, дергах, диван, бодун, бай, орта, чыгай, улуг хажиб, вазир, бек, эл, вилает, хаким, раис, көкчүн сакал, чубан, текин, иликхан, ялафар, мушриф, имга, улаг, чубан, битигчи, ылымга, раят, элик//илик, капыг башчы, байрак, улуглык, туг, тамга* ж.б.

Кыргызстан Монгол мамлекеттеринин (XII - XX кылымдын биринчи жарымы) курамында турганда: *нойон, яргучулук, ясылык, тамгажы, баш кам, бики, бакши//тайши//даруга, боорчу, мухали, наяа, хан, улусбеги, мажилис, диван, дафтары, аталык, амир ал-умара, даруга, ишик ага, йатишбеги, тавачи, тугби-бек, бахши, кошбеги, йасаул, кукелдаш, үчбеги, миршикар; оң, сол канаттар, ичкилик (булгачы), дербен ойрот, кашка, хан, бий, чоң бий, акалакчын, бай, бий, баатыр, чарбадар, кедей, кул, ордолуу бай, баатыр, чарбадар, кедей, кул, ак сөөк - кара сөөк* ж.б. саясий лексика/терминология жаралган.

Кокон хандыгы (1709-1876) маалында саясий лексика/терминология саясий реалияны чагылдырган: *кан, кушбеги, датка, кансад баши, парваначи, миңбашы, мехтер //зекетчи, дастарханчи, расылчы, аталык//серкер, шейх-уль-ислам, кази-калян, кази-аскар, раис, хаким, бек, аталык, датка, раис, корбашы, серкер, мирапбашы, казы, арык аксакал, миршап, мырза, манап, чала манап, майда манап, чолок манап, жакыр манап* ж.б.

Кыргызстандын Орус империясынын курамына киргенде (1863), башкаруу системасы жана административдик-аймактык бөлүштүрүү өзгөрүп, жаңы саясий лексика/терминология калыптанган: *башкы (генерал-губернатор, канцелярия, чиновниктер аппараты), областтык, уезддик, улук манап, аскердик-элдик башкаруу, жергиликтүү башкаруу (туземдик администрация), шайлоо системасы, болуштук съезд; айылдык жыйын, айылдык старшина (ыстарчын), уезд, волос, датка, бек, бий, аксакал, арык-аксакалы, молдо, казы, сопу, атка минер, соодагер, чайкоочу, сүткор, далдалчы, букара, жалчы, малай, чайрекер, мандикер, жакыр, томаяк, топор, байкуш* ж.б.

Байыркы түрк мамлекеттеринде мамлекеттик башкаруу системасы түптөлүп, улам анын өзөгү өсүп, борбордук бөлүгү толуп, жака-бели да татаалдаша баштаган. Уруулук түзүлүштө жалпы жыйында (аскердик

демократия) бийлик ээлери – жетекчилер, аскер башчылары шайланып, бийликти, байлыкты сактоо жана коргоо милдетин алышкан. Социалдын түзүлүш – бай жана кедейден турган. Сактардын мамлекетинде мамлекеттик бийликтин башында падыша жана анын аялы туруп, уруктарды, аймактарды *сатраптар* башкарышкан. Гун империясында *шаньюй* жана *теңиркут* мамлекетти бийлешип, мыйзам чыгаруу, административдик жана аскердик маселелер элдик жыйындарда чечилген.

Модун-теңиркут мамлекеттик системаны иретке салуу үчүн мамлекеттик кызматтын 20 баскычын түзгөн: 1) *Билге хан*, 2) *ябгу* (башкы кеңешчи); 3) *ил кусай*; 4) *кутигу*; 5) *улуу сангун*; 6) *улуу тутук бек;* 7) *улуу газна бек* (казына башчы); 8) *батисхан*; 9) *түмөн башы*; 10) *миң башы;* 11) *жүз башы*; 12) *он башы* [Борубашов, 2015: 30].

Батыш жана Чыгыш гун мамлекеттеринде бийлик өзөгүндө *теңиркут,* ал эми борбордук компонентти *аскер жетекчиси, бейлер (бектер), жаувизир* «увазир» жана *аймактын ээлери - янь-ван(бий) (өтө таасирдүү), ли-ван, сянь-ван, дули-ван* кураган. Жан-жака бел аймагында *аксакал, тамгачи* «мөөрчү», *атталак* «аталык», *элчи, казначи, тилмеч, жасаул* «жасоол», *онбаши, колбаши, миңбаши, туменбаши, тукбаши* «кол башы», атаман жайгашкан. Кыргыз саясий терминологиясы жана лексикасы VI-X кылымдардагы алгачкы феодалдык мамлекеттерде нормага салынып, кадыресе заманбап түс алган.

Кыргыз каганатында (V-XIII к.) *ажо* бийлик өзөгүн түзсө, *вазирлер, элтеберлер* «бийлик» концептинин борборунда турушкан. *Иналдар* менен *чорлор* бийлик айлампасын толукташкан. Титулдар: *бек, инал, хан/каган, тегин;* наамдар: *элтебер, тархан, тутук, буюрук, чор, ышбара, элчи, ыначу, чигиш, ичрек, сангун, уруну* системасы калыптанган. Мамлекеттик атрибутикасы – *кызыл туу, тамга (герб).*

*Каракандар каганатында* (840-1212) *каган* (кандардын каны) – саясий бийликтин башчысы. Мамлекеттин борбордук аппараты экиге бөлүнгөн: *дергах* (сарай) жана *диван* (канцелярия). Бийлик концептинин борборун төмөнкүлөр түзгөн: *улуг хажиб (таянуу)* (канга баш ийген даражадагы чин) – кан бийлигинин таянычтары. *Вазир (югрушка), бей, тархан, текин.* Жан-жака белде *раис, ак/ көкчүн сакал, чубан, иликхан, мушриф, имга, бек.*

Кыргызстан Монгол мамлекеттеринин (XII - XX кылымдын биринчи жарымы) курамында турганда, саясий тезаурус төмөнкү таризди алган: 1) *кан, амир ал-умар;* 2) *нойон, тархан, яргу, ясылык, тамгажы, баш кам, боорчу, мухали, наяа, усбеги, дафтары, везир, аталык;* 3) *даруга, ишик ага, йатишбеги, тавачи, даруга, хан, бий (*кыргыз башкаруучуларынын титулдары, наамдары), *аталык, кашка, чоң/ордолуу бай, сопи.* 1 – өзөк, 2- борбор, 3) жан-жака бел.

*Кокон хандыгында* (1709-1876) бийлик концептинин өзөгүн *кушбеги, датка, аталык//серкер) кансадбаши, парваначи, миңбашы, кушбеги, шейх-уль-*

*ислам, кази-калян, кази-аскар,* (*мехтер //зекетчи, дастарханчи;* борборун *расылчы, раис, кушбеги, хаким*; *хаким, бек, аталык, датка, раис, корбашы, серкер, мирапбашы, казы;* жан-жака белин *арык аксакал, миршап, мырза* ж.б. түзгөн. Манапчылык аткаруу системасы: *манап, бий, чоң манап, чала/майда/чолок/жакыр манап.*

Кыргызстандын Орус империясынын курамында (XIX кылымдын экинчи жарымынан – 1917-жылга чейин) турганда Туркестан крайындагы башкаруу системасындагы *өзөк: башкы (генерал-губернатор, канцелярия, чиновниктер аппараты, аскер губернатору, орус армиясынын полковниги, болуштук съезд; борбор: датка, бек; чоң бий;* жан-жака бел: *айылдык жыйын, айылдык старшина, аксакал, арык аксакалы, молдо, казы, атка минер.*

**3.2. «Жогорку саясий бийлик субъекттеринин жана объекттеринин номинациялары жана семантикасы»** деген бөлүмдүн 3.2.1. бөлүмчөсүндө жогорку саясий бийлик субъекттерин жана объекттерин вербалдаштырган жүздөй терминдерге жүргүзүлгөн тарыхый-этимологиялык жана семантикалык анализдерде алардын теги, тектеш тилдерге белгилүү даражада орток экендиги, эпидигматикалык жана парадигматикалык касиеттери, семантикалык градациясы, синонимдик катары ж. б. белгилери далилденди. *Ажо, кан, каган, ак үй, ак үйлүү, аким, бай, бек, султан, төрө, курултай, датка, баатыр, барымта, аманат, казы, революция саясий,* сыяктуу терминдер полисеманттык мүнөзгө ээ, ал эми ошолордун *ажо, кан, бей, аким, бек, курултай, датка* терминдик бирдиктери ар кыл семантикалык филиациялары менен бүгүнкү күнгө чейин жетти. *Адат укугу, үркүн, түстүү революция, суверенитéт, эгемендүүлүк* терминдеринин ар биринин синонимдик катары бар. *Мисалы: каган* «башкы кан», «кол башы»; *аким* «дин кызматкери», «ак сөөктөрдүн иш башкаруучусу», «аймак башчысы», «райондун аткаруу бийлигинин жетекчиси»; *султан* «кан», «кан тукумунун мүчөсү», «айкөл»; *төрө* «титул», «ири башкаруучу», «ак сөөк», «уруу башчысы». *Герб, гимн, Жогорку Кеңеш, кеңеш, Конституция, курултай, мамлекет, мамлекеттик аппарат, мамлекеттик башкаруу, Министрлер Кабинети, Президент, өкмөт, саясат, суверенитéт, туу, эгемендик* сыяктуу саясий терминдердин бүгүнкү саясий айдыңдагы семантикасы чечмеленди.

**3.3. «Кыргыз тилиндеги мамлекеттик бийлик терминологиясы, лексикасы жана номендери (Конституциянын жана мыйзамдын негизинде) [2021]» аттуу бөлүмдүн** *«Мамлекеттик бийликтин терминологиясы»* (3.3.1.) бөлүмчөсүндө мамлекеттик бийликтин саясий терминологиялык системасы эгемендүүлүк маалындагы Баш мыйзамдардын негизинде ишке ашкандыгы белгиленет.

Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – *көз карандысыз, эгемен, демократиялык, унитардык, укуктук, светтик жана социалдык мамлекет* [1-берене, Конституция 2021] мамлекет катары сыпатталат. *«Мамлекет»* концептинин талаасы үч негизги терминологиялык системадан турат: *мыйзам*

*чыгаруу, аткаруу жана сот бийлиги* [4-берене]. Конституциянын (2021) саясий терминологиясы төмөнкү топтордо каралат: 1) адам, социалдык топтор, алардын өкүлдөрүнүн аттары; 2) мамлекеттин аталышы; 3) мамлекеттик бийлик органдарынын, алардын өкүлдөрүнүн аталыштары; 4) укуктар жана милдеттер.

Мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтеринин терминологиялык системасы бийлик органдарын репрезентациялаган терминдер жана алардын ишмердигин чагылдырган терминдик айкаштар аркылуу куралат. Жогорку дискурстарда юридика, илим, экономика, аскердик-согуш, мамлекеттик башкаруу, маданий ж.б. тармактарды чагылдырган терминдер, предтерминдер, терминоиддер, номендер жана лексикалык бирдиктер жыш.

**4. 4. «Кыргыз тилиндеги саясий терминдеринин жасалуу жолдору»** деген бөлүмдүн «Лексика-семантикалык жол аркылуу жасалган саясий терминдер» (3.4.1.) аттуу бөлүмчөсүндө тил илиминдеги (орус, түркология, кыргыз) темага тийиштүү маселелерге сереп жасалып, кыргыз саясий тилинде метафоралар (антропоморфтук, табиятморфтук, социоморфтук, артефакттык) жана метонимиялар системасы калыптанып жатканы, ошондой эле семантикалык неологизмдер сөз маанисинин кеңейиши, тарышы жана семантикалык жылышы аркылуу да жаралып жатканы белгиленет.

**3.4.2. «Морфологиялык жол аркылуу жасалган саясий терминдер»** аттуу бөлүмдө саясий терминдердин *аббревиация, суффикс, префикс-суффикс, конверсия*, ал эми 3. 4. 3-дө *синтаксистик* жол аркылуу жасалышы баяндалат. 3.4.4-дө араб, фарс, орус тили аркылуу башка тилдерден (латын, француз, грек, немис, англис, италий, поляк) кабыл алынган саясий терминдердин курамы сыпатталат. Кабыл алуунун түрлөрүнө (материалдык кабыл алуу, калькалоо, гибрид) жана транскрипция менен транслитерация кубулушуна да көңүл бурулат.

## КОРУТУНДУ

1. Изилдөөнүн теориялык концепциясын тилдин лексикалык системасындагы сөздөрдү алар туюнткан предметтердин жана кубулуштардын өздөрүнүн классификацияларына жараша айрым-айрым топторго (тематикалык топ – ТТ; лексика-семантикалык топ – ЛСТ; лексика-семантикалык талаа - ЛСТ) ажыратуу принциби түздү.

Кыргыз элинин *саясий ойлому* байыркы доорлордо жаралып, төмөнкү этаптарды басып өткөн: 1) байыркы доор; 2) Орхон-Эне-Сай доору (VI-IX); 3) орто доор (X-XII); 4) монгол доору (XIII-XVIII); аралаш доор (XIX-XX); совет доору (1917-1991); эгемен доор (1991-жылдан). Кыргыз элинин коомдук-саясий, философиялык-этикалык жана маданий ойлору Орхон-Эне-Сай эстеликтеринен баштап, орто кылымдардагы адабий-тарыхый эстеликтерде, фольклордук чыгармаларда чагылдырылган. Кыргыз элинин XIX кылымдын

2-жарымында Россия Империясынын курамына өтүшү алардын коомдук-саясий ойлорун өзгөрткөн жана аталган кылымдын аягында Империядагы коомдук-саясий абалдын курчушу кыргыз элинин саясий аң-сезимин ойготуп, элдин боштондукка чыгуу аракеттерин шарттаган. 1917-жылкы Октябрь революциясы социалисттик аң-сезимди калыптандырып, революциячыл-коммунисттик идеологияны орноткон. Кыргыз эли эгемендикке жетишкен соң (1991) капиталисттик жолго түшүп, ага жараша саясий аң-сезим да өзгөрдү.

2. Кыргыз тилинин *саясий терминологиясы жана лексикасы* VI-X кылымдардагы алгачкы феодалдык каганаттарда калыптана баштап, Кыргыз каганатыда (V-XIII к.) саясий, экономикалык жана социалдык чөйрөлөрдү толук туюнтууга жетишкен. Каракандар каганатында (840-1212) саясий терминдер нормага салынып, кадыресе саясий терминология түзүлгөн. Жусуп Баласагын (1017-1070) менен М. Кашгаринин эмгектеринде катталган бир топ саясий терминдер лексиканын бул тобунун бай экендигинен кабар берет. Кыргызстан Монгол мамлекеттеринин (XII-XX кылымдын биринчи жарымы) курамында турганда, саясий тезаурус араб, иран, кыргыз лексикалык бирдиктеринен куралып, жогорку лексика-семантикалык топтун өзөгүн, борборун жана жака белин толук вербалдаштырган. Кокон хандыгы маалында (1709-1876) саясий терминологиянын өзөк, борбор жана жака белин иран, кыргыз лексикалык бирдиктери чагылдырган. Кыргызстан Орус империясына күнкор болгон чакта (XIX кылымдын экинчи жарымынан – 1917-жылга чейин) мурунку саясий терминологиянын бир бөлүгү империянын саясий, экономикалык жана социалдык башкаруусунун лексика-семантикалык тобуна орун бошоткон. Жогорку саясий бийлик субъекттеринин жана объекттеринин номинацияларынын семантикаларын иликтөө саясий тезаурусту кураган үч жүздөй лексикалык бирдик бар экендигин даана көрсөттү. Бул жаатта жүргүзүлгөн тарыхый-этимологиялык жана семантикалык анализдер терминдердин чыгыш тегин, полисеманттык касиетин, семантикалык градациясын, синонимдик катарын, алардын иретке салынгандыгын жана системалалуулугун ж.б. касиеттерин аныктады.

3. Коомдук-саясий шарт кескин өзгөргөндө, саясий терминдердин лексика-семантикалык топторунда ыкчам транформация жүрсө, ага жараша өзөк, борбор жана жака белдерде өзгөрүүлөр байкалат.

Мамлекеттик башкаруу системасын чагылдырган терминдердин лексика-семантикалык тобунда жогорку бийликти – *өзөк*, андан ортоңку – бийлик баскычын *борбордук бөлүк*, ал эми *төмөнкү* даражаларды (титулдарды, наамдарды ) жака-бели түзөт.

Коомдук-саясий тезауруста өтө маанилүү лексика-семантикалык блоктор бар: мамлекет – *мамлекеттик бийлик, мамлекеттик түзүлүш, мыйзам чыгаруу, аткаруу, саясий-административдик бөлүштүрүү; титулдар, наамдар;* саясат жана идеология - *коомдук-саясий ишмердик, тышкы саясат* ж.б.; коом – *социалдык абал, экономика-каржылык кудурет,*

*дин, чарба проблемалары* ж.б.

4. Кыргыз тилинин саясий терминологиясы жалпы лингвистикалык постулаттардын негизинде жаралган мыйзамдардын алкагында өнүгүп отурган: ал ар бир этапта *синхрониянын* мыйзамдарына ылайык терминдер парадигматикалык байланыштарын жоготпой, өзөк, борбор жана жака бел өз ара карым-катнашын үзгөн эмес; *диахронияда* терминдердин семалары байып же жардыланып, өзөк, борбор жана жака белде элементтердин секириктери жүрүп турган. Атап өтсөк, Кыргыз каганатыда (V-XIII к.): *каган* (*улук, кичик каган),ажо, бойла, йарган, саңун, тутук,* элтебер, *ябгу, шад, тегин, тархан, буюрук, инал, чор; Каракандар каганатында* (840-1212): *улуг хажиб (таянуу), вазир (югрушка), бег, тархан, текин, раис, ак/ көкчүн сакал, чубан, иликхан, мушриф, имга, бек;* Кыргызстан Монгол мамлекеттеринин (XII-XIV кылымдын биринчи жарымы) курамында: *кан, амир ал-умар, нойон, тархан, яргу, ясылык, тамгажы, баш кам, боорчу, мухали, наяа, усбеги, дафтары, везир;* кыргыз башкаруучуларынын титулдары, наамдары: *аталык, кашка, чоң/ордолуу бай, сопи; Кокон хандыгында* (1709-1876): *кушбеги, датка, аталык//серкер) кансад баши, парваначи, миңбашы, кушбеги, шейх-уль-ислам, кази-калян, кази-аскар,* (*мехтер //зекетчи, дастарханчи;* борборун *расылчы, раис, кушбеги, хаким*; *хаким, бек, аталык, датка,раис, корбашы, серкер, мирапбашы, казы,арык аксакал, миршап, мырза, манап, бий, чоң манап, чала/майда/чолок/жакыр манап;* Кыргызстандын Орус империясынын курамында (XIX кылымдын экинчи жарымынан – 1917-жылга чейин): *башкы генерал-губернатор, канцелярия, чиновниктер аппараты), аскер губернатору, орус армиясынын полковниги, болуштук съезд, датка, бек; чоң бий, айылдык жыйын, айылдык старшина, аксакал, арык-аксакалы, молдо, казы, атка минер.*

5. Эгемендик жылдары кыргыз тилинин саясий терминдери коомдогу саясий көрүнүштөрдү белгилүү даражада так чагылдырууда.

Негизги лексика-семантикалык топтун саясий-экономикалык жана укуктук терминологиялык системасы КРдин Президентинин – мамлекет башчысынын, аткаруу бийлигинин, мыйзам чыгаруу жана сот бийликтеринин семантикалык-функциялык талаасын туюндурат.

Кыргыз ССРинин жана Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамдарында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» «Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамы» (2021) жана «2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасында» жаңы саясий тезаурус тийиштүү реалияларды толук туюнтууда.

Изилдөөлөр мамлекеттик башкаруу процессинде саясий дискурс социалдык-экономикалык (экономикалык система, мамлекеттик жана жеке менчик, базар экономикасы), укуктук (сот акыйкаттыгы, прокурордук көзөмөл, мыйзамдуулук, тең укуктуулук ж.б.), аскердик-согуштук, философиялык жана көркөм-эстетикалык дискурстар менен белгилүү

даражада байланышта болорун дагы бир ирет далилдеди. Саясий документтердеги саясий тезаурус (лексика, номен, термин, терминоид ж.б.) аткаруу процессинде өзгөрүүгө учурашы, же башка термин менен алмаштырылышы, же пайдалануудан толук чыгып калышы мүмкүн.

Администрациялык укук терминологиясы үч топтон куралат: 1) жактарды милдети боюнча расмий туюнткан терминдер: *губернатор, администрация башчысы, мэр, мамлекеттик кызматкер* ж.б.; 2) аткаруу бийлик органдарын билдирген терминдер: *администрация, департамент, коллегия* ж.б.; 3) администрациялык бийликтин мамлекеттик документтерин, тескемелерди вербалдаштырган терминоиддер: *устав, акт, мыйзам, буйрук* ж.б. Аткаруу бийлигинин майда структураларын билдирген терминдер: *башкармалык, коллегия, комитет, ведомство, департамент, аппарат.*

Кыргызстанда 1991-жылы орногон демократиялык режимдин улануусу кыргыз тилинин саясий лексикасына, анын ичинде терминологиясына дагы жаңылыктарды алып келери анык көрүнүш.

Кыргыз тилиндеги саясий терминдер лексика-семантикалык (метафоралык моделдер, метонимия), морфологиялык (аббревиация, суффикстер, префикс-суффикс, конверсия), морфологиялык-синтаксистик, синтаксистик жана кабыл алуу жолдору жасалат. Кыргыз тилинин саясий терминологиясы заман агымына жараша жаңы жолдор, терминдер жана терминоиддер менен баюуда.

6. Саясий реалия өзгөргөндө бийлик ээлери өздөрүн орундарын сактап калуу, саясий жүздөрүн каралатпоо максатында көпчүлүккө жагуу, өздөрүнүн программаларынын артыкчылыктарын көрсөтүү, коомдук аң-сезимди манипуляциялоо, элдин кызыкчылыктарын көздөгөн саясий, социалдык-экономикалык инновациялык реформаларды жүзөгө ашырууга жанталашышат. Мындай чактарда адабий тилдин стилдик ченемдери сакталбайт, тилдик боштуктар (лакуналар) чет тил лексемалары менен толтурулат, саясий дискурста экономикалык жана финансылык терминдер жыштыктарын жогорулатат, массалык-маалымат каражаттарында *терминоиддер* (так аныкталбаган атоолор), *прототерминдер* (илимге чейинки элестерди туюнткан лексемалар, элдик терминдер), *предтерминдер* (жаңы түшүнүктөрдү атаган, бирок терминдик талаптарга жооп бербеген убактылуу атайын лексемалар), *паратерминдер* ( өткөөл лексемалар), *псевдотерминдер* (жалган теориялардагы түшүнүктөрдү чагылдырган лексемалар).

XX кылымдын экинчи жарымында гана лингвистика менен саясат таануунун кесилишинде саясий лингвистика өз алдынча илимий багыт катары калыптанды, ошону менен бирге эле заманбап саясий лингвистиканын өзүнө тийиштүү түшүнүк аппараты жана терминологиясы, бирдиктүү теориялык базасы, методологиясы түптөлө баштады.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**

1. **Апышова Б. Т.** Публицистикада коомдук-саясий лексиканын колдонулушу [Текст]/ Б. Т. Апышова// Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2015. - №6. -172-174-бб. https://www.elibrary.ru/query_results.asp/
2. **Апышова Б. Т.** Саясий терминдердин синтаксистик калька аркылуу которулушу [Текст]/ Б. Т. Апышова// Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы. - Ош, 2015. №4 – 3-чыгарылыш. -72-75-бб.
3. **Апышова Б. Т.** Кыскартылган саясий терминдердин колдонушу [Текст]/ Б. Т. Апышова// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2016. – №11. –187-188-бб.
4. **Апышова Б. Т.** Лингвистикада терминдердин изилдениши [Текст]/ Б. Т. Апышова// Ош МУнун Жарчысы. - Ош, 2021. htt://www.oshsu.kg
5. **Апышова Б. Т.** Саясий терминдердин ички жана сырткы булактын негизинде пайда болушу [Текст]/ Б. Т. Апышова// Известия КГТУ им. И.Раззакова. - Бишкек, 2022. №3 (63). – 257-262-бб. https://kstu.kg/fileadmin/user_upload/izvestija_kgtu
6. **Апышова Б. Т.** Кыргыз Республикасынын Конституциясында колдонулган айрым саясий терминдер (Конституциянын жана мыйзамдын негизинде) [Текст]/ Б.Т. Апышова// Вестник КРСУ. - Бишкек, 2023. -№10, том 23. – 64-68-бб.
7. **Апышова Б. Т.** Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында саясий терминдердин колдонулушу («Тоолор кулаганда» романынын мисалында) [Текст]/ Б. Т. Апышова// Өзбекстан Республикасы, Андижан (Анд. мамл. пед. инс), 2023. -123-131-бб.
8. **Апышова, Б. Т.** Некоторые политические термины в турецском и кыргызском языках в древних и средних веках [Текст]/ Б.Т. Апышова// Российская Федерация. Республика Ингушетия. 2023. №6. 6-9-стр. Lingua-universum https://www.elibrary.ru/contents.asptitleid=53601
9. **Апышова Б. Т.** Публицистикада кыскартылган саясий терминдердин колдонулушу [Текст]/ Б. Т. Апышова// Вестник КРСУ. 2024. №24, Т.6. – 64-67-бб.
10. **Апышова Б. Т.** Мамлекеттик бийлик бутактарында кездешкен терминдер жана номендер [Текст]/ Б. Т. Апышова// Endless Light in Science. – Нур-Султан, 2024. – № 51. – 139-144-бб.

**Апышова Базаргүл Токтосуновнанын «Кыргыз тилиндеги саясат таануу терминдери» деген темадагы 10.02.01- кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**


## РЕЗЮМЕСИ

**Ачкыч сөздөр**: *саясий лексика, саясий терминология, саясий лингвистика, мамлекет, мамлекеттик башкаруу, терминология, номенклатура, жогорку саясий бийлик субъекттери, мамлекеттик бийлик терминологиясы, лексикасы жана номендери, саясий терминдеринин жасалуу жолдору*.

**Изилдөөнүн объектиси –** кыргыз тилинин саясий лексикасы жана терминологиясы.

**Изилдөөнүн предмети –** кыргыз тилинин саясий лексикасы менен терминологиясынын тарыхый, генетикалык, структуралык жана семантикалык өзгөчөлүктөрү.

**Изилдөөнүн максаты** – кыргыз тилинин байыркы, орто кылымдардагы, Октябрь революциясына чейинки жана эгемендүүлүк жылдарындагы саясий тезаурусун семантикалык жактан сыпаттоо.

**Изилдөө методдору:** лингвистикалык (контексттик/компоненттик анализ, лексикографиялык, салыштырма-тарыхый, лексика-семантикалык ж.б.) жана диалектикалык методдор.

**Алынган натыйжалар:** Кыргыз элинин *саясий ойлому* байыркы, Орхон-Эне-Сай (VI-IX), орто (X-XII), монгол (XIII-XVIII), аралаш (XIX-XX), Совет (1917-1991) жана эгемен доорлордо (1991-жылдан) өзгөрүп турган. Ошого жараша кыргыз тилинин *саясий лексикасы жана терминологиясы* коомдук-саясий түзүлүштү чагылдырып, саясий тезаурус монгол, араб, иран элементтеринин эсебинен байыган, кыргыз тилинин лексикалык бирдиктеринен да топ куралып, жогорку лексика-семантикалык системанын өзөгүн, борборун жана жака белин толук вербалдаштырган.

Коомдук-саясий тезаурустагы мааанилүү лексика-семантикалык блоктор: мамлекет – мамлекеттик бийлик, мамлекеттик түзүлүш, мыйзам чыгаруу/аткаруу бийликтери, саясий-административдык бөлүштүрүү; титулдар, наамдар; саясат жана идеология - коомдук-саясий ишмердик, тышкы саясат ж.б.; коом – социалдык абал, экономика-каржылык кудурет, дин, чарба проблемалары ж.б.

Мамлекеттик башкаруу системасын чагылдырган терминдердин лексика-семантикалык тобунда жогорку бийликти – *өзөк*, андан ортоңку бийлик баскычын борбордук бөлүк, ал эми *төмөнкү* даражаларды (титулдарды, наамдарды ) жака-бели түзөт.

Кыргыз ССРинин жана расмий документтеринде жаңы саясий тезаурус тийиштүү реалияларды толук туюнтууда.

Саясий терминдер лексика-семантикалык (метафоралык моделдер, метонимия), морфологиялык (аббревиация, суффикстер, префикс-суффикс, конверсия), морфологиялык-синтаксистик, синтаксистик жана кабыл алуу жолдору жасалат.

**Колдонуу чөйрөсү:** алынган натыйжа-жыйынтыктар саясий лексика, терминдер боюнча сөздүк түзүүдө, саясат таануу жана филология жаатында лекция окууда, практикалык сабак өтүүдө кеңири пайдаланууга жарактуу.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Апышовой Базаргуль Токтосуновны на тему «Политические термины в кыргызском языке» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.01 кыргызский язык**


**Ключевые слова:** *политическая лексика, политическая терминология, политическая лингвистика, государство, государственное управление, терминология, номенклатура, субъекты высокой политической власти, терминология государственной власти, лексика и названия, способы создания политических терминов.*

**Объект исследования** – политическая лексика и терминология кыргызского языка.

**Предмет исследования** - исторические, генетические, структурные и семантические различия политической лексики и терминологии кыргызского языка.

**Цель исследования** – семантически описать политический тезаурус кыргызского языка в древности, средневековье, до Октябрьской революции и годы независимости.

**Методы исследования**: лингвистические (контекстно-компонентный анализ, лексикографические, сравнительно-исторические, лексико-семантические и др.) и диалектические методы.

**Полученные результаты:** политическая мысль кыргызов древнего, орхоно-энэсайского (VI-IX), среднего (X-XII), монгольского (XIII-XVIII), смешанного (XIX-XX), советского (1917-1991 гг.) и независимые эпохи (1991) менялись. Соответственно, политическая лексика и терминология кыргызского языка отражают общественно-политическую структуру, политический тезаурус обогащается монгольскими, арабскими, иранскими элементами, формируется группа лексических единиц кыргызского языка, полностью вербализующих ядро, центр и периферию высокой лексико-семантической системы.

Важные лексико-семантические блоки общественно-политического тезауруса: государство – государственная власть, государственное устройство, законодательная/исполнительная власть, политико-административное деление; титулы, звания; политика и идеология – общественно-политическая деятельность, внешняя политика и т.п.; общество – социальное положение, экономическая и финансовая мощь, религия, экономические проблемы и т.д.

В лексико-семантической группе терминов, отражающих систему государственного управления, центральная часть представляет высшую власть - ядро, средняя – уровень власти, а нижние уровни (титулы, чины) создаются периферией.

Новый политический тезаурус полностью отражает соответствующие реалии официальных документов Киргизской ССР.

Политические термины формируются лексико-семантическим (метафорические модели, метонимия), морфологическим (аббревиатура, суффиксы, префикс-суффикс, конверсия), морфолого-синтаксическим, синтаксическим и обогащается способом заимствования.

**Область применения:** полученные результаты пригодны для широкого использования в политической лексике, создании словаря терминов, чтении лекций в области политологии и филологии, проведении практических занятий.

**RESUME**

**dissertation of Apyshova Bazargul Toktosunova defended her dissertation on the topic «Political terms in the Kyrgyz language» for the degree of candidate of philological sciences in the specialty 10.02.01 - Kyrgyz Language**

**Key words**: *political vocabulary, political terminology, political linguistics, state, public administration, terminology, nomenclature, subjects of high political power, terminology of state power, vocabulary and names, methods of creating political terms.*

**The object** of the investigation is the political vocabulary and terminology of the Kyrgyz language.

**The subject** of the investigation is the historical, genetic, structural and semantic differences in the political vocabulary and terminology of the Kyrgyz language.

**The purpose of the investigation** is to semantically describe the political thesaurus of the Kyrgyz language in antiquity, the Middle Ages, the pre-October revolution and the years of independence.

Research methods: linguistic (contextual component analysis, lexicographical, comparative historical, lexical-semantic, etc.) and dialectical methods.

**Results obtained**: political thought of the Kyrgyz ancient, Orkhon-Enesai (VI-IX), middle (X-XII), Mongolian (XIII-XYIII), mixed (XIX-XX), Soviet (1917-1991) and independent eras (1991) -j-dan) changed. Accordingly, the political vocabulary and terminology of the Kyrgyz language reflect the socio-political structure, the political thesaurus is enriched with Mongolian, Arabic, Iranian elements, a group of lexical units of the Kyrgyz language is formed, completely verbalizing the core, center and backbone of the high lexical-semantic system.

Important lexical and semantic blocks of the socio-political thesaurus: state - state power, state structure, legislative/executive power, political-administrative division; titles, ranks; politics and ideology - socio-political activities, foreign policy, etc.; society - social status, economic and financial power, religion, economic problems, etc.

In the lexical-semantic group of terms reflecting the system of public administration, the central part represents the highest power - the core, the middle part - the level of power, and the lower levels (titles, ranks) are created by the collar.

The new political thesaurus fully reflects the corresponding realities of official documents of the Kirghiz SSR.

Political terms are formed by lexical-semantic (metaphorical models, metonymy), morphological (abbreviation, suffixes, prefix-suffix, conversion), morphological-syntactic, syntactic and receptive methods.

**Scope of application:** the results obtained are suitable for wide use in political vocabulary, creating a dictionary of terms, giving lectures in the field of political science and philology, and conducting practical classes.